# Чөбөгө



Авторлору: Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Чөбөгө

Авторлору: Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чөбөгө"(кыргыз тилинде), автор Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Менин атым Сезим, түгөйүмдүн аты Азим. Ооба, биз экөөбүз эгизбиз. Сезим – Азим. Биз 3-классты аяктап, жайкы эс алууга чыктык.

– Каникулда балдар менен чогуу айылга барып жайлоодо эс алып келели, – деди атам кечинде баарыбыз тамактанып отурганда.

– Ура-аа!

Түнү менен уктай албай койдум.

– Айылга барганда, байкеме кой кайтарганга жардам берем. Айран ичебиз, курут жейбиз, – деп Азим да сүйүнүп жатты.

Биз чоң энемди, айылдагы досторубузду сагындык.

Жайлоодо боз үйлөр, аппак жумурткадай болуп бири-биринен алыс эмес жерде тигилген. Мындай бийик тоолорду биз телевизордон гана көргөнбүз.

– Аа, мына, келип калган турбайбызбы! Тигине, апам дагы жол карап турат, – деди атам.

– Чоң эне-е-е-е!

Машинадан түшө калып, чуркап чоң энемдин мойнуна асылдык.

– Айланайын, эгиз козуларым келип калган турбайбы. Боюңар өсүп, чоң кыз болуп калгансың го, Сезим, – деп энем бизди кучактап, сүйүнүп жатты.

Бир аз убакыттан кийин биз эшикке чыгар замат, байкемдин баласы Малик жаныбызга басып келип:

– Тээтиги өйдө жактагы «төө ташты» көрдүңөрбү? Жүргүлө, ошол жакка чыгып, ылдыйда келе жаткан кишилерди карайбыз!

– Алыс го, кишилер көрүнбөйт да, – деди Азим досторуна кайрылып.

– Мен азыр атамдын дүрбүсүн алып келем.

Малик боз үйлөрдү карай чуркап кетти.





Биз «төө ташты» талашып, бирөөбүз «мен белине олтурам, алдыңкы өркөчү  меники» десек, калгандарыбыз «анда мага арткы өркөчү» деп жарыша өйдөгө чуркадык.

Чынында эле «төө таштан» карасаң, ылдый жактагылар алаканга салып койгондой көрүнөт экен.

– Аа-ийй, тетиги келе жаткандар кимдер?

– Бизден өйдө жайгашкан альпинисттердин лагерине бара жаткан чет өлкөлүк турист, альпинисттер. Жайында көп келишет, – деди Аскат бизди карап.

– Кана берсең. Төртөө экен, ээ! Артындагы рюкзактары чоң го!

Биз үйдү карай чуркадык.

– Эне, тоодо туристтер жүрүшөт.

– Быйыл туристтер көп, – деди чоң энем.

Апам каймакты сызгырганы жатыптыр.

– Сезим, каймакты сызгырганды телефонго тартып албайлыбы, – деди Азим мага кайрылып.

– Ии, туура. Жайлоодо телефон деле унутулуп калат экен, ээ! Мектептен дагы курбуларга, эжейге көрсөтөбүз да!

– Апа, телефонумду алайын, токтой туруңуз.





Телефонумду алып чыгып, журналисттин үнүндөй кылып апамды видеого тарта баштадым.

– Эже, – күлүп апама кайрылдым, – сиз азыр эмне кылайын деп жатасыз?

Апам дагы журналистке жооп берип жаткансып, камераны карап башындагы жоолугун оңдоп:


– Силерге каймактан сары май кантип алынарын көрсөтөбүз, – деди. – Биринчи от тамызабыз. От күйүп баштаганда казанды асып, ичин тазалап жууйбуз. Түбүндөгү суусун минтип-минтип колубуз менен шилтеп төгөбүз, – деди да ысык сууну колу менен эки жакка казандан ашырып шилтеп жиберди. Дагы бир жолу казанды чайкап, телефондогу камераны карап уланта берди.

– Казанды таза кылып жууп алгандан кийин, каймакты чачыратпай куюп, анан чоң жыгач депкир менен тынбай түбүн аралыштырып турабыз, – деди апам каймакты ысыган казанга куюп жатып.

Чжжж-чжжж-чжжж деген үн менен каймак казанга куюлуп, апам отунду жылдырды:

– Отту дагы күчөтпөй жагып туруш керек.





– Түтүн мени каптап кетти, Азим, сен тартчы калганын, – деп мен көзүмдү ушалай баштадым.

– Ии, сулуу кызды түтүн каптайт, – деп апам күлүп калды.

Казандагы каймак бырк-бырк этип кайнап жатты. Апам депкир менен улам түбүн аралыштырып, анан кайнап жаткан каймактын үстүнө бир чыны эленген унду себелеп койду. Ун куурулуп, каймактын майы үстүнө сапсары болуп калкып чыкты. Апам аны чөмүч менен темир табакка куюп алды.

– Казандын түбүндөгү каймак ун менен аралашып, кызыл чөбөгө болуп калды.

Аңгыча биз көргөн төрт турист үйдүн жанына келип калды. Бизден лагерге бара турган жолду сурашты.

– Үйгө киргиле, чай ичкиле, – деп чоң атам туристтерди дасторконго чакырды.

Чет элдик коноктор чоң рюкзактарын чечип, буттарын сунуп шырдактын үстүнө жата калышты. Биз тегерек столго дасторкон жайып, жаңы бышкан нан, боорсоктон үйүп койдук. Чыныларга каймак, сары май, чөбөгөнү да салдык. Самоор дагы шакылдап кайнап калды.





– Мммм! Мен мындай даамдуу чай көптөн бери иче элекмин. Сары майды ысык жаңы бышкан нан менен жеп көрсөңөр, – деди туристтердин бири.

– Бул да абдан даамдуу тамак экен, – деди сары кыз чөбөгөнү көрсөтүп.

Алардын чөбөгөгө кызыгып жаткандары байкалды. Конокторго тартып алган видеону көргөздүк. Туристтердиге апамдын сары майды сызгырып, чөбөгө жасаганы кызыктырды. Өздөрүнүн телефондоруна мен тарткан видеону көчүрүп алышты. Мен ичимден толкунданып кубанып жаттым.

Бул менин журналист катары тарткан алгачкы интервьюм болду.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Хадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | **4.1 деңгээли** |
| | 4.2 деңгээли |